«Бекитемин»
И. Арабаев атындагы
КМУ нун
ректору ф.и.д., профессор
Абдраева А.Т.
_______________
«____»__________ 2023-ж.

**И. Арабаев атындагы КМУнун 2023-2024-окуу жылына апелляциялык комиссиясы жөнүндө**

**ЖОБО**

**Апелляцияларды берүүнүн жана кароонун жалпы эрежелери**

1. Кирүү же аттестациялык сынактардын жыйынтыктары боюнча абитуриент апелляциялык комиссияга сынакты өткөрүүнүн белгиленген тартибин бузгандыгы жана анын жыйынтыктары менен макул эместиги (мындан ары – апелляция) жөнүндө жазуу жүзүндө апелляциялык арыз берүүгө укуктуу. Жазуу сынагын өткөргөн учурда абитуриент өз иши менен тааныша алат.

2. Апелляцияны кароо экзаменди кайра тапшыруу эмес. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун жыйынтыктарына баа берүүнүн тууралыгы гана текшерилет.

3. Апелляция экзамен боюнча баа (жыйынтыгы) жарыялангандан кийинки күнү абитуриент тарабынан берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды кабыл алууну иш күнүнүн ичинде камсыз кылат.

4. Апелляция каралганда абитуриент катышууга укуктуу. Абитуриент өздүгүн күбөлөндүргөн документин жана экзамен баракчасын алып жүрүүгө тийиш.

5. Жашы жете элек абитуриент менен (18 жашка чейин) ата-энесинин бири же мыйзам боюнча жашы жеткенге чейин толук аракетке жөндөмдүү деп табылган жашы жете электерден башка мыйзамдуу өкүлдөрү катышууга укуктуу.

6. Апелляция каралгандан кийин сынак боюнча апелляциялык комиссиянын чечими чыгарылат.

7. Апелляциялык комиссияда пикир келишпестиктер пайда болгондо добуш берүү жүргүзүлөт жана чечим көпчүлүк добуш менен бекитилет. Апелляциялык комиссиянын протоколу менен таризделген чечими абитуриентке маалымдалат (кол койдуруу менен).

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**Кабыл алуу комиссиясынын**
**жооптуу катчысы** **Эшаров Э. А.**